КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын кезектеги XVIII сессиясы**

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 23-январы №8** **Темир айылы**

## Долбоордук сметалык иш-кагаздарын даярдоого акча каражатын бөлүп берүү жөнүндө

Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.А. Молдакматовдун сунушунун жана Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча туруктуу комиссия” туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 20-январындагы №1-протоколунун негизинде, Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Садыр Аке айыл аймагына караштуу Темир айылынын “Нефтебаза” жаңы конушун ичүүчү таза суу менен камсыз кылуу максатында долбоордук сметалык иш-кагаздарын даярдоого 1 300 00 (бир миллион үч жүз миң) сом акча каражаты жергиликтүү бюджеттен бөлүнүп берилсин.

**2.** Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын.

**3.** Жергиликтүү кеңештин аппараты (жооптуу катчысы) бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсүн ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**4.** Бул токтомдун аткарылышы Садыр Аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Н. Молдакматовго милдеттендирилсин.

**5.** Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө “Бюджет, финансы, экономика, инвестицияларды тартуу менен чакан бизнести өнүктүрүү, ишкердик, тышкы экономикалар байланыштар боюнча туруктуу комиссия” туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.А. Мамытов**

*Жиберилди: Иш-кагаздарына-1, Айыл өкмөткө-1.*